**DOI: 10.33942/sit036**

# КЫРГЫЗ ООЗЕКИ ФОЛЬКЛОРУНУН (“КОШОК “, “АРМАН”) МААНИСИ

Э.З.Утуров(1), З.С.Садыкулов(2), Э.к. Элтинде(2)

**Аннотация.** Кыргыздардын рухий турмушунда кошок кошуу башка элдик оозеки чыгармалар менен бирдей эле өз алдынча өнүгүп, эпикалык чыгармаларга чейин өсүп жеткен. Кошок жанры эл арасында айтылып, сакталып, ар кандай куракtagы адамдар кайтыш болгондо, анын сөөгүн жерге коюу үрп-адаттары менен бирдикте ый менен жоктолгон жана кыз узатуу салтында да айтылып келген.Жалпысынан элдик оозеки чыгармачылык лирикалык, эпикалык жана драмалык тектен турат Ал эми кошок, арман жана жоктоо ырлары лирикалык текке кирип, кыргыз оозеки чыгармачылыктын ичиндеги кеңири тараган жанр болуп эсептелет.

***Ачкыч сөз:*** *Кошок,арман,керез, жоктоо,арман-күйүт,кош айтышуу.*

# ЗНАЧЕНИЕ КЫРГЫЗСКОГО УСТНОГО ФОЛЬКЛОРА (“КОШОК “, “АРМАН”)

E.Z.Uturov(1), Z.S.Sadykulov(2), E.k. Eltinde(2)

**Abstract:** Kyrgyz spiritual life of other oral with the same self-development, has grown to epic works. Chant genre preserved among the people, and people of different ages, passed away and was buried in collaboration with the customs of mourning and weeping, and she has been a tradition in the admin.

In general, oral and creative lyrical, epic and dramatic rock songs of the funeral dirge, a dream and a waste of lyrical, verbal creativity is most prevalent in the genre.

***Keyword:*** *On top needs, dreams, career, including grief and died.*

Кыргыздардын рухий турмушунда кошок кошуу башка элдик оозеки чыгармалар менен бирдей эле өз алдынча өнүгүп, эпикалык чыгармаларга чейин өсүп жеткен. Кошок жанры эл арасында айтылып, сакталып, ар кандай куракtagы адамдар кайтыш болгондо, анын сөөгүн жерге коюу үрп-адаттары менен бирдикте ый менен жоктолгон жана кыз узатуу салтында да айтылып келген.

Жалпысынан элдик оозеки чыгармачылык окумуштуу Н.Нарынбаеванын пикири боюнча лирикалык, эпикалык жана драмалык тектен турат[192,46б.]. Ал эми кошок, арман жана жоктоо ырлары лирикалык текке кирип, кыргыз оозеки чыгармачылыктын ичиндеги кеңири тараган жанр болуп эсептелет. Руханий маданияттын эн орчундуу орунду ээлеген кошок жанрын «Манас» эпосунан да улуу деп айтып жүрүшөт. Орто кылымдагы таш эстеликтердеги жазуулар да кошоктордун алгачкы башаты катары саналат. Ага «Орхон-Енисей тексттериндеги» эстеликтердин мазмундары айкын мисал боло алат. Бул жазмалардын дээрлик баары, Э.Бектенов менен Т.Байжиевдер белгилегендей, кошоктун башаты болуп, керээз турунде айтылган кошок сөздөрдөн турат . Биздин байкоолорубузга караганда, «өлүм» түшүнүгү башка мазмунда

“айрылдым”, “бөлүндүм”, “аттигиниң”, “учту”, “булут болду”, “кергек болду” деген формада берилет . Ал ами С.Е.Малов Энесай жазууларын «Кумбөз поэзиясы» деп атаган. С.Н.Крамер рун жазууларын «эң алгачкы кошоктордун катарына кошот» .[152,97 б.].

Эпикалык чыгармалар “Манас”, “Эр Тештук”, “Курманбек”, “Карагул ботом”, “Жаныш-Байыш” ж. б. у. с. эпостордун мазмуну бүтүндөй жоктоолор менен үндөшүп, бүгүнкү күндөгү журт арасында айтылып келген кошок ырларынын айрым бир фрагменттеринде сакталып калгандыгын көрүүгө болот.

Кошок ырларына байкоо салганда төмөнкүдөй тематикадагы кошокторду көрүүгө болот: жаш балдарга, аялдарга, эркектерге арналган кошок ырлары. Алар жаш курак өзөчөлүктөрүнө карап дагы өзүнчө бөлүнүп кетет. Мисалы, мазмунуна карай, «жаш балага», «келинге», «жеңеге», «аялга», «улгайган аялга» өзүнчө, ал эми эркек адамдарга да дал ушундай эле «балага», «атага», «аксакалга» деп айтылат. Ал эми илимий адабияттарда төмөнкүдөй берилет; «Атасы өлгөн кыздын кошогу», «Энеси өлгөн кыздын кошогу», «Ата-энеси өлгөн кыздын кошогу», «Иниси өлгөн аялдын кошогу», «Кайниси өлгөн жененин кошогу», «Баласы өлгөн эненин кошогу», «Эжеси өлгөн кыздын кошогу», «Эри өлгөн аялдын кошогу», «Киши колдуу болуп өлгөнгө кошулган кошок» ж, б. Белгилей кетүүчү нерсе модернизацияланган коомдо да кошоктун эски формасынын (тирүү жүргөн адамга) сакталып калганын [314 б.]кездештирүүге болот.

Кошок жоктоо, кош айтышуу, керээз, арман-күйүт маанисинде айтылат. Өлүмгө байланышкан ырым-жырымдардын, салт-санаалардын жана фольклордун жашашына түздөн түз аралашып, бирок өз алдынча поэтикалык жанрдын негизги көрүнүшү болуп эсептелет. Мазмунунда адамдын ички кайгысы, жоктоосу, муң-зары, мактоосу, каргышы, арманы, акыл насаатын билдирген ыр түрмөгүнөн топтолгон. Ал эми аны жайылтуу, эл арасындагы сөзгө чечен, жамакчы акындар тарабынан аткарылган.

Адамдар коомдук турмушта саясий – экономикалык, руханий деградацияга туш болгондо, ынандырарлык таяныч издейт. Андай таяныч реалдуулуктагы күчтүү бийлик, улуу идеялар, ага шыктандырган жетектөөчү инсан болуш керек. Ошолордун ичинен үлгүлүү болгон тарыхый инсандарга арналган кошоктор эл арасына кенен жайылып ооздон - оозго дайыма айтылып, өз ордун таап келген. Демек, кошокту жаратуучулар - эл, ошол элдин арасынан чыккан табиятынан таланттуу ырчылар. Кошок айтуучулар жана алардын шакирттери элдин бул руханий байлыгынын өнүгүшүнө, сакталышына, кийинки муундарга жетишине себепкер болушкан.Кошоктордун мазмунунан татаал тагдырларды, эл башына түшкөн мүшкүл алааматтардын тарыхын иликтесе болорун көрөбүз. Кошокчулар өздөрүн курчаган турмуштагы бардык олуттуу окуялардан көркөм образдарды жаратып, поэтикалык

жөндөмдүүлүгүнө жараша жеткиликтуу кылып, үн ыргагы менен, кээде, музыкалык аспаптардын коштоосунда угузушкан. Кошоктун бир өзгөчөлүгү -кошокчунун өлгөн кишиге жакын-алыстыгы, жэк-жааттыгы же жалдап айттыруусуна (атайын кошокчуга) байланыштуу маанилери өзгөрөт. Себеби, шарттуу түрде, жакыны тарабынан кошок айтууда өтө күйгөнү, кайгы - зары, муңу күчөтүлөт. Алысыраак жээк -жааттары аркылуу айтылган кошоктордо эскерүү, жоктоо, армандары берилет. Ал эми кошокчуну атайын жалдап айттырган учурларда өлгөн адамды жалпы жонунан даңазалап, мактап айтышат.

Кошоктордун мазмунуна сереп салсак, анда инсандын жашоодогу белгилуу орду, кыймыл - аракети, адеп - ахлактык иштери, кылык -жоруктары, рухий баалуулуктары, коомдук маанидеги кайсыл бир идеялар чагылып турат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кошок ырларынын барктуулугун, анын тарыхый - маданий, этно - философиялык асылдыктарын аңдап көрүү менен, ар түрдүү факторлордун (географиялык, этномаданий, социалдык, экономикалык ж. б.) таасири астында калыптанып, өнүгүп келген мындай фольклордук феномендин традициялуу өзгөчөлүгүн, элдик мурастар алкагында алган ордун мүнөздөөгө болот. Мындай өңүттө кошоктордун системасын өздөштүрүү, андагы мазмундуу таануу, анализдөө - тарыхнаамалык жактан кыйла олуттуу максат болуп саналат. Аталган жанрда инсандын социалдык абалы же айрым бир топтун (урук, уруу, дос - жар) кызыкчылыктары же касташкандардын иш - аракети, максаты эске алынып, көпчүлүккө жарыяланган. Негизгиси ата - бабаларыбыз байыртадан бери табияттын таныпкеткис мыйзамы эсептелген “ажал” деп аталган жазмыштан кутулууга болбостугун түшүнүү менен ага моюн сунуу мазмуну негизги идея болуп саналган. Ошол эле учурда аларда калкыбыздын , мамлекеттүүлүгүбүздүн , атуулдук өнүгүүнүн татаал тарыхы элдик баалуулуктары чагылдырылган.

Кошок айтуу кайсы доордо башталган? Анын жаралышын шарттоочу мотиви кайсыл? Психикалыкпы, моралдыкпы, социалдыкпы, материалдыкпы кайсы шарт кошоктун айтылышын шарттайт? Бул өңүтгө өз мезгилинде кыйла кызык ой жугурткөн белгилуу адабиятчы С.Жигитов: «Жекече күйүттүн күчү эмес, социалдык - экономикалык күйүттөр мотивдердин психологияга түшүргөн салмагы адамды күйүткө салып, кошок коштурушу мумкун»[107,31 б.] -деп айткан.

Биздин оюбузча кошок, арман, жоктоо жанрын окуп-үйрөнүүдө биринчи кезекте элдин жекече тарыхынын өзгөчөлүгүнө, коомдук - саясий өсүштүн формацияларына жана маданий өсүп - өнүгүүнүн тарыхый жолуна таянуу зарыл. Аталган критерийлер кыргыз элинин кошок жанрын мезгилдештирүүдө негизги өбөлгөлөр катары каралат.

Ушул таянычтарды эске алып, кошокторду тарыхый доорлорго ажыратсак, ал төмөндөгүдөй болушу мумкун.

*1. Көөнө түрк доорунда жана орто кылымдарда айтылган кошоктор;*
*2. Жаңы доордогу кошоктор;*
*3. Соңку жаңы доордогу кошоктор;*

Кошок жанрынын дагы бир өзгөчөлүгү жалан гана реалдуулукту чагылдырбастан, акыретте дагы жашоо бар экендигин элестетүү менен диндик жоболор көбүрөөк чагылдырылганын байкоого болот. Белгилей кетсек, биздин замандын VI-VII кылымдарына таандык болгон байыркы түрктөрдүн мүрзөлөрүнүн башына коюлган таш эстеликтердин (балбал) сыйдамдалган беттерине жазылган эскерүүлөрү Орхон-Энесай тексттери деп аталган. Андагы жазуулар кошок жанрынын алгачкы башаты экендиги маалым. Азыркы учурда да ошол көрүнүштү кайталап, бейит үстүнө коюлган таш эстеликтеринде инсандын өмүр баяны же ага арналган чакан саптарынан жоолуктурууга болот.

Улуу же "башы көрүнгөн инсан" өлгөндө анын жакындарынын, деги эле тирүүчүлүктүн, аны менен акыркы жолу коштошуп жатышын, ал инсандын бул жашоодогу ээлеген ордун, анын ким экендигин тирүүлөргө да жарыя кылуу деп да түшүнүүгө болот. Ушул биринчи "чуу" чыгаруу менен бирге, андан кийин да маркумдун "орду толгустугу" жакындарынын, эскерип ыйлаган ыйларынан, сырттан өкүрүп келген адамдардын кайра-кайра кайталанылган үн ыргактарынан айлана-чөйрө да, аба да ыйга толуп кетет.

Бул көрүнүш "Манас" эпосунда мындайча сүрөттөлөт:

*"Кайың менен тал ыйлап,*
*Жараткандын баары ыйлап.*
*Жашыбаган таш жашып,*
*Ай-ааламды кайгы басып.*
*Тунжураган түн болуп,*
*Төбөң түшкөн дүнүйө ай.*
*Жоктоп турду баатырды". [166 б.]*

Адамды барктап, ар убакта кадырына жетүү, адамгерчиликтин эң жогорку сапаты экендигин дайыма эстеп жүрүү да, бул артында калган муундун парызы деп эсептөөгө болот. Кошок элдик оозеки чыгармачылыктын ичинен эң байыркы жанр экени белгилүү. Ошону менен бирге улуу эпосубуз "Манас" да кошок кошуудан чыккан деп

айтылат. «Семетей” эпосундагы «Каныкейдин кошогу» деп аталган бөлүктө Манасты жоктоо менен бирге элдин өткөн турмушу, эрдиктери, эми алардын кайталангыстыгы баяндалат. Ырамандын ырчы уул, Жайсаң ырчы, Токтогул сыяктуу ырчылардын кошогунан, эркектер да кошокту ийине жеткире айтышкандыгын байкоого болот. «Карагул ботом» өңдүү элдик поэмалар бутундей кошоктон турары анык.

Кошоктор коңшу элдерде - тажик, түркмөн, өзбөк, казактарда да кездешет. Бизге келип жеткен маалыматтар боюнча аза күтүү салтында кошокту аткарып жаткан адам каза болгон адамга эң жакын туугандары боло турган болсо, ал чачтарын жазып көкүрөгүн койгулап, бетине из салып, тытып,орду толгус жоготуу күйүттү ушундай сыртка чыгаруу менен өксүп аткарган.Аза күтүүдөгү мындай форма ыйлоо менен өзүн-өзү уруп согуп кыйноо, бетин тытуу, чачын жазуу өңдүү көрүнүш көпчүлүк дүйнө элдеринде кездешет. Маселен Д.Фрезер өзүнүн “Фольклор в ветхом завете” деген эмгегинде өлүк коюу салтындагы мындай өзүн уруп согуп, ички күйүтүн эмоциясын сыртка чыгарып кошуп, жоктоо боюнча бир катар мисалдарды келтирет. Мисалы семит элинен байыркы арабдарда, тактап айтканда, байыркы еврейлерде бул эки салт тең кондонулгандыгын белгилейт. Арабдардын аялдары, аза күтүү убагында өзүлөрүнүн үстүнку көйнөктөрүн айрып, тырмактап көкүрөгүн, бетин тытып, бут кийимин чечип алып өзүн койгулап, чачтарын кесишкен. Ал эми Грецияда жакындары каза болгондо, аны жоктоп ыйлаганда аялдар чачтарын кыркып, беттерин канатып, кээде мойнун тытып салышкан. Эркектери да өлгөн адамга урмат көрсөтүү иретинде аза күтүүнүн белгиси катары чачтарын алдырып коюшкан.

Гунндар болсо, маркумдун урматына аза күтүүдө бетин тырык кылып, чачтарын кырдырып салган. Атилла - гунндардын ханы каза болгондо аны жоктоо аялдардын гана көз жашы жана кошогу менен эле эмес, аза күтүү эркектердин канын чыгаруу салты менен өткөнү айтылат. Ушундай салт жөнүндө Д.Фрезер мындайча ойду айтат: “менин оюмча, бул көрүнүш маркумдун арбагы менен достук мамилени сактоо, улантуу ишениминин болушу [263,444-445-бб.]деген пикирди билдирет.

Ал эми кыргыз элинде маркумдун артында калган зайыбы же кыздары өлүккө бетин тытып ыйлаган. Ак кийизге же булгаарыга салып, бай-манабын көмгөн . Азанын белгиси катары бетин тырмаган. Мисалы, мындай көрүнүш Эр Солтоной баатырга байбичеси Жеткилең апанын кошок ырында төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

*«Алсырап турган чагыңда.*
*Асылым акыркы сөзүн уксамчы,*
*Какшаткан каардуу шамалга.*
*Кара асаба желпилдейт,*
*Канчалык какшап ыйласам.*

*Жараткан карааның кайра келтирбейт,*
*Кокуй ай, бетимди тытып ызаам көп…»[146,78-б.]*

Салт боюнча катындары башына кара кийген .Ошондой эле кытайлык кыргыздар да кошок кошот. Кызды узатуу кошогу жана өлгөн адамга айтылуучу кошок деп бөлүнөт.

Кыргыз элинде кошок ырлары Октябрь революциясына чейин кеңири таралган. Ч.Ч.Валиханов: «Кыргыз эли түгөнгүс кенч, алардын кайталангыс салттары, башка элдердикинен бир топ айырмаланып турат», -деп эң жогору баалаган. Бир эле мисал, маркумдун арбагын сыйлап, ырым-жырымдарды, эскерүү кечелерди өткөрүп, куран түшүрүп турат.

Изилденип жазылып келген кошоктордун көпчүлүк бөлүгү эл арасында белгилүү адамдарга, акындарга, ырчыларга, баатырларга арналган.Кошок жанрынын негизги бир өзгөчөлүгү - жалган дүйнөнүн терең тамырын чагылдыргандыгында.

Элибиздеги баатырдык эпостордун көпчүлүк материалдарында жоокерчилик турмуштагы аскер башчыларынын, баатырларынын, жол башчы акылмандарынын жана башка билермандарынын аткарган иштерине карата аларды көзү өткөндөн кийин, эли журтка кошок аркылуу жарыялаган. Мындай көрүнүштөр байыркы доордогу адамдардын таш бетине чегилип тартылган көп сюжеттүү, таасын сүрөттөрү кыргыз жергесинде ондоп-миндеп саналат. Башканы айтпаганда Көкарт ашуусундагы дүйнөгө атагы чыккан Саймалуу-Таш сүрөт галереясы, Улар-Төр өрөөнүндөгү Чаар-Таш, Ысык-Көл өрөөнүндөгү таш сүрөттөрүнүн чогундуларын айтууга болот. Ошондой эле алар мүрзөгө коюлган эстелик ташка чегилип, руникалык алфавит менен жазылган жазуу системасы менен да берилген. VI-VIII кылымдарга таандык Орхон-Энесай жазуулары көбүнесе таш мамыларда, көрүстөн таштарына түшүрүлгөн. Өзгөчө белгилей кетсек, бул жазмаларды көчмөндөр таш бетине өздөрү жана кийинкилер үчүн баалуу маалыматтарды, тарыхый окуяларды, ойлорун гана жазышкан. Мисал келтирсек, «Таш» (эстелик) тургуздум, көңүлдөгү сөзүмдү он ок уулдары таттарга чейин муну көрүп билгиле, түбөлүк таш тургуздум. Бул жер тогуз жолдун тоому болгондуктан, мындай жерге түбөлүк таш (эстелик) тургуздум, жаздырдым. Аны керуп билгиле!

И. Стеблева белгилеген кошоктор менен керээздер кыргыздын бардык эпосторунда кездешет. Билге кагандын керээзи «Манастагы» Көкөтөйдүн, Манастын керээздери менен үндөшүп турат. Култегиндин тажиясына көп эл топтолушу Көкөтөйдүн ашындагы көп элдин келиши сыяктуу, бул көрүнүштөр байыртан келе жаткан салттык жөрөлгөлөр деген ойго алып келет.

Биздин байкоолорубузга караганда «өлүм» тушунүгү башка мазмунда “айрылдым”, “бөлүндүм”, “аттигининң”, “учту”, “булут болду”, “кергек болду” деген формада берилет. Мисалы, Кул-Тегин жок болсо, көбүңөр (баарыңар) өлмөкчү элеңер. Иним Кул-Тегин кергек болду (өлдү). Өзүм сагындым, (аза күттүм), көрөк көзүм көрбөстөй, билер билигим (акылым) билбестей болду, өзүм кайгырдым (аза куттүм). Убакыт, теңири (таалайга) жазат, адам баласынын баары (киши ушунун баары) өлгөнү төрөлгөн деген саптарда баатырдын жарык дүйнө менен кош айтышкандыгы, ал учун аза күтүп , оор жоготууга учураганы адам жашоосунун философиясы каралган.

Тексттердеги «айтылгандардын» бул дүйнөнү таштап кеткен маркумга арналгандыгы жана ал «айтуунун» өзгөчө формасын «кошоктор» -деп атоого болот деген ойдобуз. Башкача айтканда, Энесай жазма эстеликтери ташка түшүрүлгөн кошоктор.

Бул келтирилген кошоктордун кичинекей көрүнүштөрүндө (фрагмент) жогоруда көрсөткөндөй инсанды жоктоп жатат. Мындан улам Орхон-Энесай жазууларындагы кошок ырлары, эпикалык чыгармалар жана бугунку күндөгү эл арасындагы кошок ырларынын мааниси, мазмуну менен үндөшөт.

Салыштыруу менен карасак:

*“Аксы бир шаарың борборуң,*
*Кеңеш бир атка конгонуң.*
*Ар түркун шаар ичинен,*
*Кулунум, Бишкек бир болгон борборум.*
*Он бешинде октолдуң,*
*Отуз бешке чыкканда,*
*Сен ок жыландай токтолдуң,*
*Алладан буйрук келди эле.*
*Сенин атың жок болду” .[325-б.]*

Баатырдык эпостордо да кошоктордо да кеңири кездешкен мотив кандын, баатырдын же байдын өз элине болгон камкордугу, айрыкча жетим – жесирлерге, бей – бечарага, карыптарга берген жардамы, марттыгы тууралуу айтылат. “Манас” эпосунда Көкөтөй хан өлөөрүнүн алдында Байдын уулу Баймырзаны чакырып алып айткан керээзинде:

*“Тели куш салып куш кылдым,баатыр,*
*Тентиген жайып эл кылдым,баатыр.*
*Кулалы салып куш кылдым,баатр.*

*Курама жайып журт кылдым баатыр...*
*Менин бир көзүм өткөн соң,баатыр.*
*Жөө жүргөн жакырга,*
*Чобур бир кармап бере көр баатыр.*
*Жылаңач жүргөн жакырга,*
*Чапан бир чечип бере көр, баатыр".*

Негизинен кошок элдик оозеки чыгармачылыктагы каада - салт ырларына кирет. Кошокту өзгөчө обон менен ый аралаш айтышкан. Анда каза болгон адамдын кулк - мүнөзү, ишмердиги, адамкерчилиги, башка асыл сапаттары билдирилген, айрым сатиралык мүнөздөгү кошоктордо маркумдун терс сапаттары да айтылган. Белгилүү кошокчулар чоң кадыр - баркка ээ болушкан. Аларды атайылап алдырып, коштурушкан.

Кошок кошуу расмиси кыргыз турмушунда бир нече маанилүү окуяларда аткарылган. Өлгөн адамдын журтунда, үйүндө белгилүү бир тартип, убакыт өлчөмү менен айтылган. Кайтыш болгон адамдын үйүндө күнүгө маркум жоктолуп, кошок кошулгандыгын реалдуу жашоодон көп эле кездештиребиз. Сырттан келген адамдарды утурлап, аялдар үн созуп кошок кошуп, эркектер өкүрүп турушкандыгын кыргыз жашоосунун көнүмүш адаты катары эсептөөгө болот.

**Колдонулган адабияттар:**


[1] Абракманов Ж. Кырыгздардын 1916 жылдагы кошоктошуусу жөнүндө, Бишкек, 2004 ж. Б.192,46 .
[2] Тарыхый ырлар,кошоктор жана окуялар, Бишкек, 2002.Б.152,97,263,444-445.
[3] Шайбеков Ы.Сатымбайдын кошогу. Бишкек, 1992. Б.166,146-78.
[4] Орхон Енисай тексттери//Илим Фрунзе ,1982.Б.107,31,325.